УДК: 13:572(575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-824-832

**Жунушова Г.М.**
философия илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
Junushova2018@mail.ru
**Омурканова С.А.**
ага окутуучу
Кыргызстан Эл аралык университети
Бишкек ш.
SOmurkanova77@mail.ru

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИН СВЕТТИК МОДЕЛИ ЖАНА ДИНИЙ САЯСАТ

**Аннотация.** Ааламдашуу процесси Кыргызстандагы коомдук-саясий кырдаалды түп-тамырынан бери өзгөрттү. Дин коомдук жана мамлекеттик турмуштун маанилүү фактору болуп калды. Өлкөдө конфессиялар, диний агымдар көбөйүп, алардын жолдоочуларынын саны тез өсүп жатканы байкалууда. Азыркы учурда Кыргызстанда светтик жана диний бийликтин ортосундагы диалогдун жаңы модели калыптанып жатат. Мыйзамда мамлекеттин светтик багыты жана диний уюмдар менен кызматташуусунун так принциптери аныкталган.

Светтик мамлекеттүүлүктү түзүүнүн максаты – дин менен мамлекетти бири-биринен бөлүп, мамлекеттин башкаруу системасында диндин таасирин жокко чыгарыш болуп саналат. Мунун негизги максаттары бардык диндерге жана ишенимдерге бирдей мамиле кылуу. Светтик мамлекетте бардык адамдар динге карабастан, тең укуктарга ээ болушат. Ошондой эле мамлекеттик саясатта диндин таасирин чектөө, ал коомдук иштерде гана жеке адамдардын ишенимдери катары каралат.

**Негизги сөздөр**: конституция, мамлекет, Кыргыз Республикасы, дин, саясат, масхаб, укук, пайгамбар, диний уюмдар, конфессиялар.

**Жунушова Г.М.**
кандидат философских наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
Junushova2018@mail.ru
**Омурканова С.А**
старший преподаватель
Международный университет Кыргызстана
г. Бишкек
SOmurkanova77@mail.ru

## СВЕТСКАЯ МОДЕЛЬ И РЕЛИГИОЗНАЯ ПОЛИТИКА В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация.** Процессы глобализации и демократизации коренным образом изменили общественно-политическую ситуацию в Кыргызстане. Религия стала важным фактором

общественной и государственной жизни. В стране наблюдается увеличение числа конфессий, религиозных направлений, быстрый рост числа их последователей. Кыргызстане складывается новая модель диалога между светской и религиозной властью. Она ориентирована на более чёткое закрепление в действующем законодательстве принципов взаимодействия государства и религиозных объединений.

Целью создания светской государственности является отделение религии и государства друг от друга и устранение влияния религии в системе государственного управления. В светском государстве все люди, независимо от религии, имеют равные права. Это также ограничивает влияние религии в государственной политике, которая рассматривается только как убеждения отдельных лиц в общественных делах.

**Ключевые слова:** конституция, государство, Кыргызская Республика, религия, политика, масхаб, право, пророк, религиозные организации, конфессии.

**Zhunushova G.M**.
candidate of philological sciences
Kyrgyz State University named after I.Arabaev
Bishkek c.
Junushova2018@mail.ru
**Omurkanova C.A.**
teacher
International university of Kyrgyzstan
Bishkek c.
SOmurkanova77@mail.ru

## SECULAR MODELS AND RELIGIOUS POLICY IN KYRGYZSTAN

**Annotation.** The processes of globalization and democratization have radically changed the socio-political situation in Kyrgyzstan. Religion has become an important factor in public and state life. There is an increase in the number of confessions and religious trends in the country, and a rapid increase in the number of their followers. Kyrgyzstan is developing a new model of dialogue between secular and religious authorities. It is aimed at a clearer consolidation in the current legislation of the principles of interaction between the state and religious associations.

The purpose of creating a secular state is to separate religion and the state from each other and eliminate the influence of religion in the system of public administration. In a secular state, all people, regardless of religion, have equal rights. It also limits the influence of religion in public policy, which is seen only as the beliefs of individuals in public affairs.

**Key worst**: constitution, state, Kyrgyz Republic, religion, politics, madhhab, law, prophet, religious organizations, confessions.

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстанда мамлекеттик саясат, маданий-экономикалык процесстер түп-тамырынан өзгөрдү. Олуттуу өзгөрүүлөрдүн бир бул - диндин кеңири жайлышы. Дин коомдук жана мамлекеттик турмуштун маанилүү фактору болуп калды. Жаңы диний кырдаалда конфессиялардын, диний багыттардын санынын олуттуу өсүшү менен алардын жолдоочуларынын санынын тез өсүшү байкалды. Натыйжада мультиконфессиалдуу коом жаралды. Диндин жана диний уюмдардын кадыр-баркы жана таасири жогорулап, коомдун динге болгон аң-сезими өзгөрдү. Бирок кыргыз коомунда тээ

илгертен эле дин элдик-каада салтыбыздын бир бөлүгү болгону менен эч убакта ашынган динчил болгон эмес. Кийин совет доорунда, андан сон эгемндүүлүктүн жылдарында мамлекет светтик багытты тандап, мыйзамга таянган жана ага негизделген коом түзүлгөн. Эми светтик мамлекеттин түшүндүрмөсүнө кайрылсак.

Светтик мамлекетте - диний уюмдар мамлекеттик саясатка жана башкарууга аралаша албайт, дин мамлекеттик саясаттан ажыратылган. Бул процесс кылымдар бою ар кайсы өлкөлөрдө жана региондордо болуп келген жана саясий, социалдык жана маданий чөйрөдөгү өзгөрүүлөргө олуттуу таасир эткен. Бул процесс философия илиминде сеукуляризация деп аталат. Илимдин өнүгүшү жана философиялык дүйнөтаанымдын кеңейиши диндин авторитардык позициясынын басаңдашына алып келген. Сеукуляризация процесси ар кандай деңгээлде жүрүшү мүмкүн, бул ар бир инсандын аң-сезиминен өзгөрүүсүнөн баштап мамлекеттик институттардын саясатын жана функцияларын өзгөртөт. Ошондой эле илимий-техникалык прогресс жүрүп, коомдо жарандык тең укуктуулук, эркин болуусун камсыздайт. Светтик мамлекеттүүлүктүн калыптанышынын маанилүү этаптары төмөнкү аспектилерди камтыйт:

Европада светтик мамлекеттүүлүктүн калыптанышы чиркөө бийлигинин алсырашынын контекстинде башталган. Европадагы ренессанс жана Агартуу доору светтик мамлекеттин идеяларын өнүктүрүүдө негизги ролду ойногон. Рационализм, адам укуктары жана чиркөө менен мамлекеттин бөлүнүшүнүн зарылдыгы жөнүндө ойлор жаңы саясий багыттын өзгөрүүсүнө негиз болду. Джон Локк, Жан-Жак Руссо жана Монтескье сыяктуу философтор диний институттар жана мамлекеттик бийлик өз алдынча жашай турган идеяларды сунушташкан. Ошондой эле Мартин Лютердин реформациясы дагы олуттуу таасир бере алды.

Ал эми француз революциясы светтик мамлекеттүүлүктү орнотууда маанилүү окуя болгон. Эркиндик, теңдик жөнүндөгү революциялык идеялар Европада жайылып, диний бийликтин алсырашына жана светтик мыйзамдардын киргизилишине өбөлгө түзгөн.

Философияда секуляризация процесси ар кандай аспектиде каралат — диндин мамлекеттен бөлүнүшүнөн баштап, анын социалдык жана маданий ролун талдоого чейин. Секуляризация маселеси жана анын философиялык аспектилери тарыхта көптөгөн ойчулдар тарабынан талкууланып келген. Мисалы, Карл Маркс, Макс Вебер, Эмиль Дюркгейм, Ницше ж.б.

Маркс өзүнүн теориясында динди "элдин апийими" деп эсептеп, диний окуулар башкаруучу таптарга бийликти кармап турууга жардам берүүчү курал болуп, жакырлардын жана эзилгендердин азабын актаган деп ырастаган. («Гегелдин Укук философиясын сындоо» (1843). Маркс үчүн секуляризация адамды эзүүдөн, анын ичинде чыныгы социалдык адилетсиздикти жашырган диний аң-сезимден бошотуунун кеңири процессинин бир бөлүгү болгон.

Макс Вебер коомду рационалдаштыруу концепциясын иштеп чыккан, анда дин маданий жана социалдык нормаларды калыптандырууда маанилүү роль ойногон. Вебер секуляризацияны жашоого рационалдуу мамилени өнүктүрүүнүн жана динди институтташтыруунун натыйжасы катары караган («Протестанттык этика жана капитализмдин руху» (1905.). Ошондой эле ал протестантизмдин капитализмге тийгизген таасирин изилдеп, диний баалуулуктардын айрым түрлөрү батыш коомунда капиталисттик рухтун өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн деп ырастаган.

Ал эми белгилүү немец философу «Заратустра ошентип сүйлөдү» аттуу эмгеги аркылуу Ницшени диндин эң белгилүү сынчыларынын бири экендигин баамдайыз. Ал дин, айрыкча христианчылык, адамдын эркиндигин жана чыгармачылыгын басат деп ырастап, "Кудайдын өлүмүн" алдын-ала айткан, бул азыркы коомдогу диний баалуулуктардын үстөмдүгүнүн аякташын билдирген. Ницше секуляризация адамды диний догмалар койгон чектөөлөрдөн бошото турган процесс деп эсептеген.

Э.Дюркгейм динди социалдык тилектештиктин жана институционалдык нормалардын маанилүү компоненти катары караган. Ал коомдун өнүгүшү жана рационализмдин өсүшү менен дин байланыштыруучу элемент катары ролун жоготот деп эсептеген. Бирок, Маркстан айырмаланып, Дюркгейм динди толугу менен кыйратуучу деп эсептеген эмес, ал анын функциялары башка формада, атүгүл секуляризацияланган коомдо да сакталышы мүмкүн деп эсептеген.

Ж-Жак Руссо «Коомдук келишим жөнүндө» (1762) эмгегинде дин жана коомдук буйруктар бири-биринен көз карандысыз болушу керек деген идеяны жактаган, бул светтик мамлекеттин калыптанышына жол ачат. Ал Вольтер сыяктуу эле диний окууларды адеп-ахлактык тарбиянын маанилүү бөлүгү катары карап, коомдон динди алып салуу нравалык кризистин келип чыгышына жол ачарын белгилейт, бирок ошону менен бирге чиркөө саясий иштерге кийлигишпеши керек деп эсептеген.

XX кылымда немис философу Юрген Хабермас секуляризацияны изилдөөнү улантып, аны диндин толугу менен жок болушу катары эмес, коомдун диний жана светтик чөйрөлөрүнүн трансформация процесси катары караган. («Коммуникативдик аракет теориясы» (1981). Ал азыркы коомдордо дин жана светтик идеялар бири-бири менен өз ара аракеттенип, таасир эте турган коомдук мейкиндиктин ар кандай формалары бар деп ырастады.

Бул философтор, ар бири өз ыкмасында, секуляризациянын мүнөзүн жана анын азыркы коом үчүн кесепеттерин түшүнүүгө аракет кылышкан. Жалпысынан алганда, секуляризациянын философиялык изилдөөлөрү аны диний жана мамлекеттик мамилелерди гана эмес, жашоонун кеңири маданий, социалдык жана этикалык аспектилерин камтыган көп кырдуу процесс катары карайт.

Дин менен мамлекеттин ортосундагы мамилелер абдан татаал жана көп кырдуу маселелердин бири болуп саналат. Ар кайсы өлкөлөрдө бул мамилелер тарыхый, маданий жана саясий каада-салттарга жараша ар кандай жолдор менен өнүгөт. Мисалы, мамлекет дин маселелеринде бейтарап болушу керек деген негизги принциптерди карманган өлкөлөр бар. Негизги идея диний мекемелер мамлекеттин ишине кийлигишпеши керек, ал эми мамлекеттик структуралар өз кезегинде диний уюмдардын иштерине аралашпайт. Мындай мамиленин мисалы катары АКШ жана Европа мамлекеттерин алсак болот.

АКШнын Конституциясында "Конгресс мамлекеттик динди түзүү же дин тутуу эркиндигин чектөө жөнүндө мыйзам чыгара албайт" деп жазылган. Бул дин менен мамлекет бири-бирине айрым болгон светтик принципти тастыктайт. Ал эми 1905-жылдагы чиркөөнү жана мамлекетти бөлүү жөнүндө мыйзамда диний институттарды мамлекеттик органдардан бөлүү идеясын бекемдейт.

Айрым өлкөлөрдө мамлекеттик дин мамлекеттик саясатты жана социалдык ченемдерди калыптандырууда маанилүү ролду ойнойт. Мындай өлкөлөрдө дин мыйзамдарга жана коомдук институттарга таасир этиши мүмкүн, ал эми кээ бир учурларда диний лидерлер чоң саясий таасирге ээ болушу мүмкүн. Мисалы, Иран, Араб өлкөлөрү. Бул мамлекеттер

теократиянын айкын мисалы болуп саналат, мында ислам дини саясий жашоодо борбордук ролду ойнойт.

Дин менен мамлекеттин ортосундагы иш-аракеттердин бир канча моделдери бар, алар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

Конфессиялык модель - мамлекет бир диндин үстөмдүгүн тааныйт, бирок башка диндер үчүн да белгилүү укуктарды бере алат. Буга мисал катары Европанын христиандыкка болгон тарыхый милдеттенмеси бар көпчүлүк өлкөлөрүн келтирсек болот.

Көп конфессиялык модель - өлкөдө ар кандай диндер бар жана мамлекет бардык ишенгендер үчүн бирдей укуктарды камсыз кылышы керек. Мындай ыкма Индия сыяктуу ар кандай диний курамы бар өлкөлөрдө көп кездешет.

Диний бийлик - дин мамлекеттик башкаруу менен тыгыз байланышта болгон өлкөлөрдө диний бийликтер теократиялык мамлекеттердегидей саясий чечимдерди кабыл алууда негизги ролду ойношу мүмкүн.

Дин жана мамлекет маселелериндеги заманбап чакырыктар ааламдашуу, миграция, диний жана маданий көп түрдүүлүктүн көбөйүшү, ошондой эле кээде салттуу диний ишенимдер менен карама-каршы келген илимий-техникалык прогресстин өнүгүшү менен байланышкан. Мындан тышкары, дин тутуу эркиндиги жана диний азчылыктар, ошондой эле диний мыйзамдардын фонунда адам укуктарын сактоо маселелери дүйнөлүк контекстте актуалдуу бойдон калууда.

Дин менен мамлекеттин мамилеси саясий, социалдык жана тарыхый факторлорго жараша тынымсыз өнүгүп турат. Диний ишенимдерди урматтоо менен көп түрдүүлүк, ой жүгүртүү эркиндиги жана дин тутуу шарттарында адам укуктарын камсыз кылуунун ортосундагы тең салмактуулукту табуу маанилүү.

XIX-XX кылымда көптөгөн өлкөлөр диний жана светтик бийликтин бөлүнүшүн так белгилеген конституцияларды кабыл ала башташкан. Мисалы, АКШда 1787-жылдагы конституция дин тутуу эркиндигин кепилдеп, чиркөө менен мамлекеттин бөлүнүү принцибин бекиткен. Бул принцип башка өлкөлөрдөгү демократиялык системалардын негизи болуп калды.

Азыркы дүйнөдө светтик мамлекеттүүлүк ар кандай формада болот. Мисалы кээ бир мамлекеттер диний уюмдардын ишине дээрлик кийлигишпесе, ал эми кээ бир мамлекетте бийлик диний институттардын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүп турат. Франция, Германия, Япония жана Россия сыяктуу өнүккөң өлкөлөрдө мамлекеттик бийлик динден ажыратылган.

Светтик мамлекеттүүлүктүн орношу адам укуктарынын жана эркиндиктеринин өнүгүшүнө, ошондой эле тең укуктуу коомдун түзүлүшүнө өбөлгө түздү. Бул процесс диний жана светтик институттар бири-биринен көз карандысыз иштеп, жарандардын диний ишенимдерине карабастан укуктарын сакталышына жана аны урматтоого мүмкүндүк берген заманбап мамлекеттердин түзүлүшүнө алып келди.

Кыргызстанда мамлекет дин жана диний бирикмелердин статусун аныктоо максатында баш мыйзамга бир нече тактоолор жана өзгөртүүлөрдү киргизген. Баш мыйзамга ылайык мамлекеттин светтик модели КР Конституциясынын жоболоруна негизделген, 1-беренеде жазылгандай Кыргызстан - көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет [4, 430 б.].

Баш мыйзамга ылайык, дин мамлекеттик башкаруудан ажыратылган. 9-беренеге ылайык: Кыргыз Республикасында эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл

алынышы мүмкүн эмес; Дин жана бардык диний ырасымдар мамлекеттен ажыратылган; Диний бирикмелердин, дин жана ырасымдардын кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат. Бирок ошол эле учурда ар бир жаран саясий процесске (шайлоо ж.б.) катыша алат, бирок өзү мүчө болуп эсептелинген диний уюмдун ресурстарын колдоно албайт жана саясий колдоого ээ болуш үчүн динди саясатташтырууга укугу жок [4, 430 б.].

"2021-2026-жылдарга Кыргызстандын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы жөнүндө" жарлыкка президент кол койду. Анда негизги маселелердин бири катары мамлекеттин светтик негиздерин бекемдөө, ар бир жарандын диний ишенимин камсыздоо каралган. Кыргызстандын эгемен тарыхында ушуну менен үчүнчү диний концепция кабыл алынды. Бул документ 2014-2020-жылдардагы концепциянын уландысы. Жаңы кабыл алынган документ беш бөлүктөн турат: мамлекеттин светтик жана укуктук негиздерин бекемдөө; мамлекеттик-конфессиялык мамилелердин субъекттеринин потенциалын чыңдоо жана кызматташтыгын кеңейтүү; диний жана дин таануучулук билим берүү системасын өркүндөтүү; диний чөйрөдөгү маалыматтык-агартуучулук саясат; диний негиздеги чыр-чатактардын алдын алуу [2, 215 б.]. Бул концепциялардын кабыл алуунун негизги максаты - мамлекеттин светтик жана укуктук негиздерин бекемдөө.

Мамлекет учурдагы мыйзамдардын алкагында жана башка укук-ченемдик актылар аркылуу диний чөйрөнү же диний уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салууга милдеттүү. Мамлекет дин тутуу эркиндигин камсыздайт жана өлкөдөгү баардык диний конфессияларга мыйзамды бузмайынча, ошондой эле коомдук жана улуттук деңгээлде коркунуч туудурмайынча аларга бирдей мамиле жасайт. Ал эми диний радикалдык жана ашкере фанатизм менен алектенген диний уюмарга, өлкөнүн мыйзамдарына ылайык, мыйзамсыз ишмердүүлүктү токтотуу жана алдын алуу боюнча чаралар көрүлөт. Кыргызстанда калктын 85% өздөрүн мусулман деп эсептеп, ислам дининин эрежелерин карманат. Мамлекет дагы исламдын салттуу баалуулуктарын сактоо үчүн ылайыктуу шарттарды камсыздоого көмөк көрсөтүүдө.

Учурда өлкөдөгү диний абалга байланыштуу диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун негизги принциптерин аныкталган. Концепцияда аларды ишке ашыруу боюнча бир нече багыттары белгиленген. Алсак, Кыргызстанда өз ишмердүүлүгүн жүргүзгөн диний уюмдар менен мамлекеттин ортосунда кызматташуу ыкмасы каралган. Башкача айтканда, коомго руханий- нравалык, адеп-ахлактык жактан тарбия берүүдө оң таасирин жана салымын баалоо менен диний уюмдарды колдойт. Бирок мамлекет динди саясатташтырууну жана диний кыймылдардын деструктивдүү ишмердүүлүгүн катуу чектеши керек. Мамлекет диний уюмдардын жана диний кызматкерлердин жалпы ишмердүүлүк чөйрөсүн түздөн түз жөнгө салат, бирок диний уюмдардын ички конфессионалдык ишмердүүлүгүнө өзүнүн кийлигишүүсүн чектейт [4, 430 б.].

«Азыркы ааламдашуу доорунда кайсыдыр батыштык же болбосо чыгыштык, же диний баалуулуктарды үстөм коюу менен, аларды башкаларга таңуулоо кооптуулук жаратып жаткандыгына күбөбүз» деп эсептейт философ Д.Кочкорова [5]. Чындыгында коомдогу динге болгон кызыгуунун жогорулашынан жана калкты радикалдуу уюмдардын таасиринен сактоо максатында дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты реформалоо өтө актуалдуу маселе. Бул үчүн диний фундаментализм, радикализм жана экстремизм идеяларынын жайылуусуна каршы күрөшүп, мамлекет өлкө мусулмандары үчүн салттуу болгон исламга колдоо көрсөтөт. Жогоруда белгилеп өткөндөй, салттуу ислам – бул өлкө мусулмандары үчүн негиз болгон

Куран менен Сүннөттү карманган, исламга каршы келбеген жергиликтүү өзгөчөлүктү жана маданиятты тааныган дин болуп саналат. Кыргызстанда ата-бабаларыбыз тарабынан кылымдардан бери тутунуп келген исламдын баалуулуктарын тагыраак түшүнүшү үчүн ушул “салттуу ислам” терминин колдонуу кажети туулуп олтурат. Салттуу ислам илим-билимдин, экономиканын жана искусствонун өнүгүүсүнө салым кошууга каршы турбайт, тескерисинче, замандын талабына ылайык илимий-техникалык прогрессти болушун тааныйт.

Эми салттуу исламдын тарыхына кайрылы кетсек ашыкча болбос. Пайгамбарыбыз Мухаммад Меккеден Мадинага 622-жылы көчүп барганда, Мадинадакы Авс жана Хазраж урууларынын жетекчилери жана жөөттөрдүн эки уруусунун жетекчилери чогулуп, “Медина келишимин” түзүшөт. Анда ошол аймакта жашаган этникалык топтордун укуктарын жана милдеттерин тактап жазышкан. Мисалы, жөөттөр өзүнүн дининде жашоого укуктуу. Бутпарастар өздөрү билгендей жашоого укуктуу. Пайгамбарыбыз жөөттөрдү же бутпарасттарды “Куранга баш ийгиле” деп кыйнаган эмес. Эгер тышкы душмандар Мадинага кол сала турган болсо, мусулмандар, жөөттөр жана мушриктер чогу шаарды коргошот деп келишим түзүшкөн. Мындан сырткары дагы көптөгөн нерселерди камтыган бул келишим, азыркы тил менен айтканда конституция болгон. Медина келишими 47 главадан турат. Мединада ошол учурда ҮЧ чоң этникалык топ жашаган - араб мушриктер, еврейлер, араб-мусулмандар. Болжол менен 10 миң кишинин 4000 еврейлер, 4700 араб-мушриктер, калганы Мухамед Пайгамбар менен чогу көчүп келген араб мусулмандар [2, 215 б.]. Мухаммед пайгамбар Мединага тынчтык берип, аны мусулмандар үчүн коопсуз шаарга айландырган.

Пайгамбардын кошуналары менен түзгөн келишимдери мусулмандарга соода же аскердик максаттар үчүн өз аймактары аркылуу коопсуз жүрүүгө кепилдик берген. Коңшулар менен түзүлгөн бул келишимдер соода жолдорун ачып, халифаттын өнүгүшүнө чоң таасир берген.

Мухаммед пайгамбардын 23 жыл бою тынчтыкка негизделген келишими араб жарым аралында мусулмандардын транзиттик соода-сатык кылуусуна жакшы шарт түзүлгөн. Бирок ошентсе дагы Хижраттын 9-жылында Ат-Тауба сүрөсүнүн түшүрүлүшү мушриктер менен мындан ары боло турган иш-аракеттердин жолун белгилеген. Бул сүрө түшүрүлгөндөн кийин мушриктерге төмөнкү шарттар жеткирилген:

1. Ушул жылдан баштап мушриктерге Каабага жакындоого тыюу салынат.
2. Каабаны арык айланып өтүүгө тыюу салынат.
3. Бейишке момундардан башка эч ким кирбейт.
4. Мушриктердин мусулмандар менен түзгөн келишимдери мөөнөтү бүткөнгө чейин күчүндө болот.
5. Мөөнөтсүз келишимдер төрт айдан кийин бүтөт, мусулмандар менен келишим түзбөгөн бурканга табынгандарга да тиешелүү [5].

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, ультиматум мүнөзүнө ээ болгон ат-Тауба Сүрөсү табынуучулар менен келишимди жокко чыгарып, мыйзам түрүндө мындан ары эч кандай себеп менен алар менен сүйлөшүү үчүн отурбоого милдеттендирген. Бурканга табынгандарга төрт ай ичинде Исламды кабыл алуу же Арабиянын чегинен чыгып кетүү сунушталды. Болбосо, аларга согуш жарыяланган. Мухаммед пайгамбардын өлөр алдында берген "бурканга табынуучуларды Араб жарым аралынан кууп чыгар" деген буйругу Абу Бакрдын тушунда аткарылып, Арабия ислам динин кабыл албагандардан тазаланган [5].

Биздин өлкөдөгү салттуу ислам ханафий масхабына жана матрудий акыйдасына негизделген. Эске сала кетсек сунна багытындагы исламдын төрт масхабы бар: ханафий, маликий, шафиий, ханбалий.

Ханафий масхабынын негиздөөчүсү Абу Ханифа Нуъманбин Сабиттин (699-767ж.ж.). Бул мазхаб исламдын башка үч мазхабынан өзүнүн эркин жана толеранттуу көз карашы менен айырмаланып, мамлекеттик саясатка, элдик каада-салтка (динге каршы келбесе эле) каршы чыкпастан, динди элге жеңил түрдө жеткирүүнү негиз катары карайт. Анын пикирине далил катары Мухаммед пайгамбардын хадисинде айтылгандай: "Акыйкатта бул дин жеңил дин. Бирок ким дин менен күрөшөм десе, баары бир дин аны жеңип коёт. (Ошон үчүн аша чаппай) туурасын (ортосун) кармангыла, (эгер ага алыңар келбесе, жок дегенде) жакындагыла, (эгер ошондой кылсаңар, анда) кубана бергиле" (Бухари, Иман 29). Абу Ханифа өкүм чыгарууда истихсан жана урф деген түшүнүктөрдү киргизген. Истихсан– диний маселелерди чечүүдө ыңгайына жана жеңилдигине карап иш кылууну, урф – же болбосо үрп-адат, ислам укуктарында Куран менен Сүннөттө жок нерселер болуп калса, элге таанымал болгон каада-салттар менен өкүм чыгарууну буюрган, албетте, Куранга каршы келбесе. Ошондой эле атактуу аалым Куранды өз эне тилине которуп окуса болорун да айткан.

Бул мектептин атактуу өкүлү, акыйда мектебинин негиздөөчүсү Абу Мансур аль-Матуридийас-Самаркандий эсептелинет. Анын динде болгон негизги максаты рационализм же болбосо акыл менен ой жүгүртүп дин түшүнүгүн чечмелөө болгон. Бул багытта орто кылымдарда Түркстандан бир топ аалымдар чыгып, өздөрүнүн эмгектерин калтырышкан. Алардын катарына Абуль-Муъинан-Насафи, АбуУмар ан-Насафи, Абул-Лейсас-Самарканди, Сираажуд-Диналь-Ошийй, Абу-Бакрас-Серахсиаль-Узгенди ж.б. Бул аалымдардын шарият өкүмдөрүндөгү ыкмалардын бири катары логикага жана калямга (акыл жүгүртүү менен куранды жана хадистерди түшүндүрүү) таянып динди мультиконфессионалдуу коомдогу калың элге жеңил жеткирүүнү көздөгөндүгүндө болгон [3, 16 б.]. Матуриди акылга ушунчалык маани бергендиктен ыйманы акылга негизделбеген туурамчылдык менен ыйман кылгандарды чыныгы ыйман катары эсептеген эмес. Мындайлар динден оңой гана чыгып кетет деп, ал эми акыл менен ыйманга ээ болгондорду ыймандан түбөлүк чыгартууга мүмкүн болбойт деген [1, 373 б].

Кыргызстанда ата-бабаларыбыз саманийлер доорунан бери практикалап келген салттуу исламдын гана таанышыбыз зарыл. Ал биринчиден, биздин маданиятыбыз менен айкалышып, үрп-адатыбыз менен гармонияда болуп келгендигин эске алуу керек. Экинчиден, салттуу ислам ашынган фанатизм жана сокур ишенимге таянбайт, бардыгын рационалдуулук менен таанып, акыл-логикага негизделген дин. Ошондуктан коомдун диний сабатын жогорулатып, элибизге салттуу болгон ханафий мазхабын жана матуридия акыйдасын кеңири жайылтуу жана башка агымдарга тыюу салып токтотуу мамлекеттин коопсуздук маселеси үчүн зарыл. Ошондой эле бүгүнкү күндө конституцияда жазылгандай өлкөдө светтик принцибин сактоо жана өнүктүрүү мамлекеттин приаритеттүү багыттарынын бири.

Кыргыз коомунун светтик мүнөзү бул дин маселелеринде мамлекеттин бейтараптыгын сактоону багыталган. Кыргызстандын жарандары каалаган динди эркин тутууга же атеист болууга укуктуу. Бирок, буга карабастан, ислам өлкөдөгү эң кеңири тараган дин болуп саналат жана көптөгөн социалдык жана маданий каада-салттар жана үрп-адаттар исламдын таасирин сактап келет. Бирок, диний уюмдар жана жамааттар коомдун светтик түзүлүшүнүн маанилүү компоненти болгон саясатка кийлигишпейт.

Кыргызстандын мектеп системасында динди окутуу милдеттүү түрдө каралган эмес, бирок этика жана адеп-ахлак баалуулуктары боюнча курстар диний негизге ээ болушу мүмкүн. Ошол эле учурда, Теология жана Ислам илимдерин окуткан диний мектептер жана университеттер бар, бирок алар учурдагы светтик мыйзамдардын чегинде иштешет.

Ошентип, кыргыз коомунун дин аралашпаган мүнөзү диний каада-салттардын бар экендигине карабастан, мамлекеттик жана коомдук түзүмдөр диний институттардын мамлекеттик иштерге түздөн-түз кийлигишүүсүнө жол бербөөгө жана алардын дин тутуусуна карабастан бардык жарандардын мыйзам алдында теңдигин камсыз кылууга аракеттенет дегенди билдирет.

**Адабияттар**:


1. Аль-Матуриди, Тавилатуль-Куран, даярдаган Бекир Топалоглу ж.б., – 373-б
2. Галиуллина С. Д., Нуриев Б. Д. Мединское соглашение (622 г.) как один из важнейших нормативных документов мусульманского права // «Вестник» КГУ им. Н.А.Некрасова. №6 215.
3. Диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат: Кыргызстандагы мыйзам негиздери, концепция жана «Салттуу Ислам». – Бишкек. 2015
4. Кочкорова Д.А. Билим берүүдөгү жалпы адамзаттык, улуттук жана индивидуалдуулуктун катнашы // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2022, №4. – 430 б
5. https://cbd.minjust.gov.kg/202913/edition/1137334/ru.
6. religion.gov.kg/252/ru/plan.


**Рецензент: философия илимдеринин кандидаты Кочкорова Д.А.**